**Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугу**

МЕН, ______________________________(АТЫ-ЖӨНҮ), ИСН/ИЖН _____________________, өздүгүн билдирген документи: _________________________ (документ түрү) сериясы _____________ № _________________, ____________________ (берилген күнү жана берген органдын аталышы) берилген, жашаган дареги: ________________________, байланыш телефону: ______________________, электрондук почтасы: _______________________________, эркин, айкын, шартсыз түрдө баамдап туруп, өз эрким менен «НУР Телеком» ЖЧКнын (Бишкек ш., Абдрахманов көч., 334) (мындан ары – жеке маалыматтар массивинин кармоочусу (ээси), «НУР Телеком» же оператор аталган) жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын аткаруу алкагында төмөндөгү аракеттерди аткаруусуна макулдугумду берем:

- менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топтоштуруу, жаап коюу, өчүрүү);
- Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерге ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга, анын ичинде идентификациялоонун мамлекеттик тутумунун маалыматтар базасынын кармоочусуна өткөрүп берүүгө;
- мамлекеттик маалыматтык тутумдар жана/же башка жеткиликтүү маалымат булактары аркылуу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык органдарды кошуп алганда, жеке маалыматтарымды текшерүүгө,

«НУР Телеком» ЖЧКсынын Кыргыз Республикасынын электр байланышы жаатында мыйзам талаптарын аткаруу (Кыргыз Республикасынын «Электр байланышы жөнүндө» Мыйзамынын, Көчмө радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүү эрежелеринин талаптарын, анын ичинде көчмө радиотелефон байланыш кызматын жана/же башка кызматтарды көрсөтүү үчүн персонификация (каттоо) жол-жобосун аткаруу жана көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү жөнүндө келишим шарттарын аткаруу) максатында, төмөндөгү жеке маалыматтарымды (анын ичинде алардын өзгөргөндүгү тууралуу маалыматты) иштетүүгө, өткөрүп берүүгө, текшерүүгө:

- фамилиясы, аты, атасынын аты (буга чейинки фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөртүлгөн күнү, орду жана себеби (өзгөрткөн учурда);
- туулган күнү;
- менин сүрөттөрүм же видеого тартылган сүрөттөрүм, видеожазууларды кошо алганда;
- жарандык тууралуу маалымат;
- идентификациялык жеке номер (ИЖН) жана/же идентификациялык салык номер (ИСН);
- өздүгүн билдирген документтин реквизиттери (өздүгүн билдирген документтин түрү, сериясы, документ номери, аны берген органдын аталышы, берген күнү);
- ЖИ/патентти каттоо тууралуу күбөлүктүн реквизиттери;
- жашаган жеринин (жүргөн жеринин) дареги;
- телефон номери (абоненттик номер);
- электрондук почта дареги;
- эсептешүү эсеби;
- IP-дареги;
- кол тамгасы.

Ушул макулдук бир жолу берилип, оператор менин жеке маалыматтарымды каалаган убакытта алган учурунан тартып күчүнө кирет, менин жеке маалыматтарыма болгон сурам санына карабастан, НУР Телекомдун кызмат көрсөтүүсүнүн бүт мөөнөтүндө жана/же жогоруда маалыматты камтыган жеке маалыматтардын же документтердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталган сактоо мөөнөтүнүн аягына чейин күчүндө болот.

Мен таанышып чыктым, баамдайм, тастыктайм жана төмөнкү менен макулмун:

- ушул макулдук мен өз колум менен кол койгон (жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен койгон кол тамга сыяктуу эле юридикалык кесепеттерди жаратат) кагаз жүзүндөгү документ менен бирдей электрондук

документ болот деп жана менин жеке маалыматтарымдын оператор тарабынан өткөрүп берүүсүнө жана колдонуусуна эркин, айкын, шартсыз жана баамдалган эркимди билдирем;
- ушул макулдуктун алкагында берилген менин жеке маалыматтарым ар жолу өзүнчө тастыктоонун керектиги жок, НУР Телекомдун маалымат базасына киргизилиши мүмкүн;
- мен оператор аныктаган аталыштагы оператордон жөнөкөй электрондук кол тамга катары таанылган SMS-билдирүүнү жана/же коду камтылган push-билдирүүнү алууга макулмун;
- SMS-билдирүү жана/же push-билдирүү аркылуу алган кодду киргизгеним менин ушул макулдуктук шарттары менен макулдугумду тастыктаганым болот, мен бул кодду жана аны өзүмдүн жөнөкөй электрондук кол тамгам менен киргизгенимди, өз колум менен койгон кол тамгага барабар экенин жана мен деп тааныла турганымды тастыктаган ыкма болоорун тааныйм;
- операторго эркин формадагы жазуу түрүндөгү арызымдын негизинде жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдукту чакырып алсам болот. Макулдукту чакырып алууда Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык менин жеке маалыматтарым толук же жарым-жартылай түрдө иштетиле бериши мүмкүн;
- менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жакка өткөрүп берүүсү тууралуу билдирүү формасы оператор тарабынан өз алдынча аныкталып, анын ыктыярында боло турганы менен макулмун.

Мен Кыргыз Республикасынын жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө мыйзам жоболору менен, анын ичинде жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук алуу тартиби менен таанышып чыкканымды тастыктайм. Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктарым жана милдеттерим мага түшүнүктүү.

Менин толук эмес маалымат бергеним юридикалык укук мамилелерине кирүүдөн жана аларды белгилөөдөн баш тартуу кесепетине алып келе турганын, ошондой эле алдын ала жалган маалыматты жана/же документтерди бергеним үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке тартыла турганымды тастыктайм.

Муну менен мен жогоруда көрсөтүлгөн максаттарга жетүүсү үчүн оператор жеке маалыматтарымды үчүнчү жакка бериши керек болгондо, жогоруда көрсөтүлгөн аракеттерди аткаруусу үчүн мен тууралуу маалыматты үчүнчү жактарга жана башка ыйгарым укуктуу жактарга керектүү көлөмдө ачыктоого, ошондой эле көрсөтүлгөн жактардын купуялуулукту тиешелүү түрдө сактоо шартында ал жактарга мындай маалыматты камтыган тиешелүү документтерди берүүгө укуктуу экенин тааныйм жана тастыктайм.